**"БЕКИТЕМ"**
**"КГК" ЖАКтын МТ бөлүмүнүн менеджери**

**Конурбаев С. Е.__________________**
**2021-жылдын ______-_______________**

# ТЕХНИКАЛЫК ТАПШЫРМА

"Кумтөр" кенинде жана "Кумтөр Голд Компанинин" башка участокторунда бар болгон аналогдук радио байланыш системасын жаңыртуу жана DMR Tier III стандартындагы санарип радио байланыш системасын уюштуруу иштерин долбоорлоо боюнча

| № п/п | Негизги маалыматтардын жана талаптардын тизмеси | Негизги маалыматтар жана талаптар |
|---|---|---|
| 1 | Текшерүү жана жумуштарды аткаруу жайы | Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району, Кумтөр алтын кени |
| 2 | Долбоордун ээси | "Кумтөр Голд Компани" ЖАК |
| 3 | Долбоордун иштеп чыгуучусу | Долбоордун ээси тарабынан дайындалат |
| 4 | Багыты | "Кумтөр" кен ишканасынын жана КГКнын башка участокторунда болгон аналогдук радио байланыш системаларын DMR Tier III стандартындагы санарип радио байланыш тутумуна жаңыртуу |
| 5 | Талаптар жана аткарылган иштердин көлөмү | Бул иштер 2 бөлүктөн турат:<br>1. Санарип радио байланыш системасынын долбоорун иштеп чыгуу.<br>2. Долбоор боюнча радио байланышты DMR Tier III стандартындагы санарип радио байланыш тутумуна ылайык уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүү. Радиобайланыш системасын жаңыртуу иштери бар болгон аналогдук инфратүзүмдүн ишин токтотпостон жүргүзүлүшү керек. Motorola базасында иштеген аналогдук радио байланыш тутумунун санариптик байланышка этап-этап менен өткөрүү үчүн аналогдук радио байланыш тутумун үзбөө керек.<br>Аткаруучуга коюлган талаптар: |

| | | |
|---|---|---|
| | | • Тиешелүү кесиптик билимдерге, көндүмдөргө (финансылык, өндүрүштүк, эмгек), тажрыйбага ээ болууга, ресурстук материалдык-техникалык жабдууга, башкаруу компетенттүүлүгүнө ээ болууга тийиш.<br>• Санарип стандартындагы радио байланыш түйүндөрүн куруу жаатындагы иш тажрыйбасы болуу (акыркы 5 жылда 2 долбоордон кем эмес, маалыматты ырастоо үчүн келишимдин көчүрмөлөрүн жана тапшырык ээлеринин байланыш маалыматын берүү керек).<br>• Радиобайланыш системаларынын антенналык-фидердик трактынын жана санарип стандарттагы УКВ радиобайланыш жабдууларынын радиожыштык трактынын параметрлерин өлчөө жана көзөмөлдөөсүн камсыздаган жеке материалдык-техникалык базанын болушу талап.<br>• Долбоор ээсинин инженердик-техникалык персоналын окутуу үчүн DMR стандартындагы базалык жана абоненттик жабдуулардын үлгүлөрүнүн иш комплектисин камтыган окуу-материалдык базанын болушу талап.<br>• Системанын долбоордук документтери Кыргыз Республикасындагы долбоорлоо боюнча колдонуудагы стандарттарга ылайык аткарылышы керек. |
| 6 | Долбоордун курамы жана мазмуну | Долбоор төмөнкү бөлүктөрдү камтышы керек:<br>• Жалпы түшүндүрмө кат<br>• Башкы план<br>• Коопсуздук техникасы бөлүмү<br>• КР мыйзамдарында каралган башка документтер<br><br>• Долбоордук документтерди тапшыруу - 2 нускада жана толук электрондук версиясы эки CD дискте (Acrobat Adobe - *.pd) "Кумтөр Голд Компани" ЖАКка берилет. |
| 7 | Долбоордун ээсине берилүүчү материалдар | Иштерди аткаруу планы, иштерге катышкан адамдардын тизмеси, атайын автотехниканын тизмеси, аткарылган иштер тууралуу толук отчет, иштерди аткаруу журналы |
| 8 | Долбоордун ээси тарабынан берилүүчү документтер | Системанын долбоордук документтери Кыргыз Республикасындагы долбоорлоо боюнча колдонуудагы стандарттарга ылайык аткарылышы керек. |
| 9 | Бөдрөтчү тарабынан берилүүчү документтер | Аткарылган иштердин актысы жана аткарылган иштер боюнча кепилдик милдеттенмелер. |

| | | |
|---|---|---|
| 10 | Кепилдик берүү | • Базалык жана абоненттик жабдууларга 12 айдан кем эмес мөөнөткө кепилдик берилиши керек.<br>• Абоненттик жабдууларды жаңыртууга 5 жылдан кем эмес мөөнөткө кепилдик берилиши керек. |